**И. АРАБАЕВ АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫ ТАРЫХ ЖАНА МАДАНИЙ МУРАСТАР ИНСТИТУТУ**

**Диссертациялык кеңеш: Д. 07.16.528**

**Кол жазма укугунда**

**УДК: 7.01(575.2) (043.3)**

**ШААНОВ ТАЛАНТ МУРАДИЛЛАЕВИЧ**

# ЭГЕМЕНДҮҮ КЫРГЫЗСТАНДЫН МАДАНИЯТЫ: ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ ЖАНА КЕЛЕЧЕГИ

**Адистиги 07.00.02 - Ата Мекен тарыхы**

**Тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациянын**

**АВТОРЕФЕРАТЫ**

**Бишкек – 2016**

**Диссертация Ош мамлекеттик университетинин «Кыргызстан тарыхы» кафедрасында даярдалды.**

| | |
|---|---|
| **Илимий жетекчиси:** | тарых илимдеринин кандидаты, профессор<br>**Кадыров Турдумамат Дыйканбаевич** |
| **Расмий оппоненттер:** | тарых илимдеринин доктору, профессор<br>**Абытов Байболот Капарович**<br><br>тарых илимдеринин кандидаты, доцент<br>**Бексултанова Чынара Дамировна** |
| **Жетектөөчү мекеме:** | Жалал-Абад мамлекеттик университети,<br>Тарых кафедрасы |

Диссертациялык иш 2016-жылдын 23-сентярь күнү *саат 14.00 И.* Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин жана Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Тарых жана маданий мурастар институтунун алдындагы тарых илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын коргоо боюнча түзүлгөн Д.07.16.528. диссертациялык кеңештин жыйынында корголот.

**Дареги:** 720026, Бишкек шаары, И. Раззаков көчөсү, 51.

Диссертация менен И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин илимий китепканасынан таанышууга болот.

**Дареги:** 720026, Бишкек шаары, И. Раззаков көчөсү, 51.

Автореферат *2016-жылдын 23-август күнү* таркатылды.

**Диссертациялык кеңештин**
**окумуштуу катчысы,**
**тарых илимдеринин доктору** **Н. У.Курбанова**

## ИШТИН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

**Изилдөөнүн актуалдуулугу.** 1990-жылдын 15-декабрында Кыргызстандын суверендүүлүгүнүн, 1991-жылдын 31-августунда көз каранды эместиги жөнүндөгү Декларациянын кабыл алынышы, алардын дүйнөлүк коомчулук тарабынан таанылышы, XX к аягындагы биздин өлкө үчүн зор тарыхый жана саясий окуялар болуп калды. Бул маанилүү окуялардан кийин Кыргызстанда бир топ тарыхый, анын ичинде тарыхый-маданий да, өзгөрүүлөр болуп өттү.

Бул жылдардагы өлкөнүн башкаруу системасындагы өзгөрүүлөр коомдун тарыхый-маданий өнүгүүсүндө жаңы көйгөйлөрдү пайда кылды. Ага ар тараптуу жана түрдүү идеологиялык, массалык маалыматтардын кескин көбөйүшү, батыш маданиятынын таасиринин күчөшү, социалдык-экономикалык кризис да кошумча болду. Алардын таасири дайыма эле оң натыйжаларга алып келген жок. Мындай нерселер улутту, улуттук маданиятты сактап калуу аракеттерин алдыңкы планга алып чыгып, маданий жаңылануу эгемендүү Кыргыз Республикасынын өз алдынча өнүгүү жолун аныктоонун бир багытына айланып отурат. Анткени элдердин, улуттардын, коомдун жана мамлекеттин өнүгүү процессинде маданият фундаменталдык мааниге ээ болуп: өндүрүштүк, коомдук, акыл-эс, билим жагынан адам баласынын жетишкен ийгиликтеринин өтө баалуу көрсөткүчү болуп эсептелинет. Айтылгандар биздин изилдөөбүздүн актуалдуулугун шарттайт. Бул изилдөө эгемендүү Кыргызстандын жыйырма үч жылдык маданий өнүгүүсүнүн тажрыйбасын илимий талдоого арналган жана өлкөбүздүн соңку жаңы тарыхын маданий өнүгүү боюнча жаңы маалыматтар менен толуктоого салым кошо алат.

Маданият маселесинин актуалдуулугун жана биздин өлкө үчүн маанилүүлүгүн эске алуу менен Кыргыз Республикасынын президенти А.Атамбаев 2016-жылды “Тарых жана маданият жылы” деп жарыялады. Республиканын президентинин указында “маданият жана искусство ишмерлеринин, жалпыга маалымдоо каражаттарынын Кыргызстан элдеринин биримдигин, мамлекеттүүлүгүн бекемдөө, анын руханий кайра жаралуусун” колдоо жана заманбап адеп-ахлактык өрнөктөрдү жаратуу баса белгиленген.

Маданияттын коом үчүн өтө актуалдуу маселе экендигине карабастан, акыркы жыйырма жылдан ашык мезгилдеги бул тармактын абалы, анын көйгөйлүү маселелери, үмүттүү келечеги тарых илими тарабынан изилденбей келген. Мындай кырдаал диссертациялык иштин актуалдуулугун, илимий жана практикалык маанисин арттырат.

**Изилдөөнүн обьектиси:** эгемендүү Кыргызстандын маданияты.

**Изилдөөнүн предмети:** эгемендүүлүктүн алгачкы жыйырма жылындагы коомдук жана саясий өнүгүүнүн алкагындагы Кыргызстандын маданиятынын өнүгүү процесси.

**Илимий диссертациянын темасынын илимий программалар жана негизги илимий изилдөө иштери менен байланышы.** Илимий тема ОшМУнун тарых факультетинин Кыргызстан тарыхы кафедрасынын жана ОшМУнун илимий багыттагы перспективалык планы, "ОшМУнун модернизация программасы" менен тыгыз байланышта аткарылды.

**Изилдөөнүн хронологиялык алкагы** XX кылымдын 90-жылдарынан 2014-жылга чейинки мезгилди камтыйт.

**Изилдөөнүн методологиясы жана методикасы:** негизинен тарыхый, хронологиялык, логикалык салыштырмалуу, универсалдуу талдоо ыкмалары, тарыхый обьективдүүлүк принциптери пайдаланылды.

**Проблеманын изилденүү деңгээли:** Ар бир элдин, улуттун жана мамлекеттин маданияты коомдун жалпы өнүгүүсүнүн өзгөчө сыпаттоочу жана анын биримдигин мүнөздөөчү сапатка ээ экендиги маалым. Акыркы мезгилдердеги кыргыз коомчулугунун, анын маданиятынын абалы жана өнүгүшү тууралуу ар тараптуу жазылган эмгектер бар. Жарыяланган эмгектерди үч топко бөлүп карасак болот.

**Биринчи топко**, илимий иштин теориялык–методологиялык негизи катарында колдонулган Ю.М.Лотман [130], Э.С.Маркарян [131], В.И.Межуев [132], Л.Г.Ионин [121], Т.В.Карадже [122] сыяктуу окумуштуулардын эмгектерин кошууга болот. Маданияттардын өз ара байланышы-бир жагынан, ар түрдүү элдердин маданиятын түшүнүүнү жана өз ара байышын, экинчи жагынан улуттук маданияттын кайталангыстыгын жана өзгөчөлүгүн сактоо аракеттерин тездештирүүнү камсыз кылуучу жараян. Азыркы учур, мурдагы СССРдин курамындагы өлкөлөрдө жүрүп жаткан саясий-экономикалык жараяндарга, өзүн-өзү аңдоо сезиминин күчөшүнө байланышуу маданияттар аралык өз ара таасир этүү маселесин жандуу талкуулоо көрүнүшү менен мүнөздөлөт. Бүгүнкү күндө өткөөл мезгилдеги коомдогу маданияттардын өз ара таасир этүү маселесине арналган көптөгөн макалалар, эмгектер жарык көрүүдө. Бул таризде С.А.Арутюновду [98], С.Г.Ларченкону [129], баса белгилөө менен, алардын эмгектеринде ар кандай маданияттардын өз ара таасир этүүсүнүн жана динамикалык өнүгүүсүнүн ар түрдүү аспектери чагылдырылганын белгилөөгө болот. Аталган изилдөөлөрдө улуттук маданияттардын бири-бирине таасир этүүсү, өз ара байуусу алардын өз-ара карым-катнашынын натыйжасында гана жүрө тургандыгы, бул мыйзам ченемдүү көрүнүш экендиги жөнүндөгү байкоолор жана жыйынтыктар кенен фактылык материалдардын негизинде көрсөтүлгөн.

**Экинчи топтогу** эмгектерге мурда СССРдин курамына кирген, азыркы эгемендүү өлкөлөрдүн социомаданий мейкиндигине глобалдашуу көрүнүшүнүн тийгизип жаткан таасирин чагылдырган Б.М.Бабажанованын [106], А.К.Бисенбаеванын [173], А.К.Султангалиеванын [151],

Р.М.Мукимджанованын [134], эмгектерин киргизүүгө болот. Бул эмгектер адистердин жана интеллигенция өкүлдөрүнүн арасында жетишээрлик дэнгээлде кеңири талдоого алынган. Борбордук Азиянын жаңы көз карандысыз мамлекеттеринин социомаданий мейкиндигиндеги туруктуу өнүгүү маселелерин окумуштуулар В.М.Алпатов [102], В.Я.Белокриницкий [170], И.Д.Звягельская, В.Наумкин [120] ж.б. изилдешүүдө.

Жалпы эле маданиятка, анын ичинде эгемендүү Кыргызстандын маданий өнүгүүсүнүн маселелерине арналган эмгектерди **үчүнчү топко** бөлүп кароого болот. Мында белгилей кетчү жагдай, кыргыз тарыхнаамасында бул маселеге жетишээрлик деңгээлде көңүл бурулбай жаткандыгы талашсыз көрүнүш. Ошентсе да, айрым бир изилдөөчүлөр бул маселеге өз дараметтерине, көз караштарына жана изилдөө объектилерине жараша кайрылышууда. Алардын катарына, биринчи иретте К.М.Алмакүчүковдун [91], Ж.К.Урманбетова менен С.М.Абдрасуловдун [159] биргеликте жазган илимий эмгегин кошууга болот.

Көрсөтүлгөн эмгектерде Кыргызстандагы маданиятты өнүктүрүү боюнча мамлекеттик саясаттын негизги максаттары аныкталган жана маданияттагы мамлекеттик саясатка жүйөлүү тыянактар сунушталган. Андан сырткары, өлкөбүздүн маданий өнүгүүсүнүн проблемалары белгилүү дэңгээлде ата мекендик окумуштуулар Ү.Ч.Чотонов [161], Ч.Р.Айнекенова [96], М.А.Ниязовдордун [140] эмгектеринде да каралган.

Кыргызстандын, кыргыз элинин маданиятынын бүгүнкү күн үчүн маанилүү аспектилерин ачып берүүдө философ-культуролог окумуштуулар Ш.Б. Акмолдоеванын [97], Ы.М. Мукасовдун [142] эмгектери маанилүү орунду ээлейт.

Кыргыз маданиятынын ажырагыс бөлүгү – анын музыкалык өнөрү. Элдик жана профессионалдык музыканын абалы, көйгөйлөрү музыка таануучу, культуролог – окумуштуу К.Ш.Дүйшалиевдин [120], М.Бегалиевдин [114] эмгектеринде көтөрүлүп келе жатат.

Маданият көйгөйлөрүн изилдөөдө адабиятчылар да четте калган жок. Эгемендүүлүк жылдардагы маданият көйгөйлөрүн изилдеген адабиятчы окумуштуулардын катарына О.Ибраимовдун [125] жана А.Садыковдун [157] эмгектерин кошууга болот.

Маданий өнүгүүнүн айрым маселелери тарыхчы окумуштуулар А.Асанкановдун [105], кыргыздардын улуттук өзүн-өзү аңдоо сезимине арналган маселелер, Н.Ж. Эсенкуловдун [179] эмгегинде көтөрүлгөн.

Кыргыз киноискусствосунун эгемендүүлүк жылдардагы өнүгүүсүнүн айрым маселелери кинотаануучу Г.Төлөмүшованын [164] жана мезгилдик басма сөздө жарыяланган макалаларында [198] чагылдырылган.

Эгемендүү Кыргызстандагы маданияттын ар түрдүү аспектилерине арналган эмгектердин илимий жана практикалык маанисин эске алуу

менен азыркы учурда аталган көйгөйлүү маселе, актуалдуу проблема катары кыргыз тарыхчылары тарабынан системалуу жана комплекстүү түрдө али да болсо толук изилдөөгө алынбагандыгын баса белгилеп кетүү зарыл.

**Изилдөөнүн булактык топтомун** Кыргыз Республикасынын архивдик документтери, мамлекетибиздин баш мыйзамы - Конституциясы, маданият тармагына тиешелүү закондор, маданиятты өнүктүрүү маселесине тиешелүү өлкө президенттеринин жарлыктары, Жогорку Кеңештин, Өкмөттүн расмий документтери, тийиштүү токтомдор, документтер жыйнактары жана ММК материалдары түздү. Булактардын баардыгын үч топко бөлүп кароого болот.

**Биринчи тобун** Кыргыз Республикасынын Борбордук мамлекеттик архивдик документтери түзөт. Диссертацияны даярдоодо негизинен Кыргыз Республикасынын Борбордук мамлекеттик архивинин (КР БМА) – Ф. 2. оп. 7. д.21, Ф. 3. оп. 13. д.46, Ф.4. оп. 35. д.22, Ф. 5. оп. 8. д.5, Ф. 6. оп. 4. д.25, Ф.7. оп. 27. д.38, Ф. 9. оп. 4. д.29.Ф.9. оп. 5. д.11, Ф.11. оп. 23. д.19, Ф.14. оп. 16. д.27, Ф.16. оп. 9. д.33. Ф.18. оп. 11. д.23. Ф. 18. оп. 24. д.47. Ф.19. оп. 26. д.32, Ф. 21. оп.34. д.27 документтеринин иш кагаздары булактык негизде иликтенип, тескелип илимий айлампага киргизилди.

**Экинчи тобун** мамлекетибиздин баш мыйзамы - Конституциясы, закондор, Кыргыз Республикасынын Президентинин, расмий бийлик органдарынын Өкмөттүн, Жогорку Кеңештин документтери, ар түрдүү жарлыктары, токтомдору, нормативдик-мыйзамдык актылары түзөт(1.2 караңыз).

**Үчүнчү тобун** эгемендүү Кыргызстандагы маданияттын ар түрдүү тармактарына, көйгөйлүү маселелерине арналган ММК каражаттарындагы түрдүү материалдар, ар түрдүү интернет сайттарында жарык көргөн маалыматтар, ар кандай маанидеги баяндамалар жана макалалар түздү.

**Изилдөөнүн максаты жана милдети.** Изилдөөнүн максаты 1990-2014-жж. эгемендүү Кыргызстандын маданиятынын өнүгүү өзгөчөлүктөрүн жана келечегин изилдөө. Бул максатка ылайык төмөнкү милдеттер коюлду:

- Эгемендүү Кыргызстандын маданиятынын жалпы абалына тарыхый сересеп салып, анын жетишкендиктерин жана көйгөйлөрүн тактоо;
- Дүйнөлүк ааламдашуу жараянынын Кыргызстандын маданиятына тийгизген таасирин изилдөө;
- Кыргыз Республикасынын маданият жаатындагы мамлекеттик саясатын, анын натыйжаларын талдоого алуу;
- Кыргызстандын улуттук маданиятындагы учурдагы негизги өнүгүү багыттарын аныктоо;

- XXк. аягы–XXIк. башындагы Кыргыз Республикасынын маданиятынын өнүгүүсүнүн өзгөчөлүктөрүн жана абалын ар тараптан иликтөө;
- коомдук турмуштун алкагындагы маданият тармагына 2005-ж. жана 2010-жж. революциялардан кийинки өзгөрүүлөрдүн тийгизген таасирин ар тараптан изилдөө;
- маданий чөйрөдөгү проблемаларды тактоо жана аларды чечүүнүн натыйжалуу жолдорун аныктап, сунуштоо.

**Диссертациянын негизги илимий жаңылыгы**

- Ата мекендик тарых илиминде алгачкы жолу 1990-2014-жж. Кыргызстандын маданиятына, анын өзгөчөлүктөрүнө жана келечегине саресеп салуу менен атайын, комплекстүү талдоого аракет жасалды.
- Өлкөдө маданияттын өнүгүшү жана бул процесске Батыштын маданиятынын тийгизген таасири чагылдырылган тарыхнаамалык материалдарга талдоо жүргүзүлдү.
- Эгемендүүлүк доордогу Кыргызстандын маданиятын чагылдырган архивдик булактар илимий айлампага киргизилди.

**Диссертациянын илимий-теориялык жана практикалык мааниси** изилдөөнүн жыйынтыктары Кыргызстан тарыхнаамасына, анын ичинде коомду трансформациялоо маселелери боюнча тарыхнаамага белгилүү деңгээлде салым кошо алат. Изилдөөнүн натыйжалары Ата Мекен тарыхын окутууда жана аталган тармак боюнча жалпылоочу эмгектерди жаратууда, орто жана жогорку окуу жайлардагы атайын курстарды окутууда пайдаланууга болот.

**Коргоого сунушталган негизги жоболор.** Изилдөөнүн жыйынтыгы боюнча коргоого төмөндөгү жоболор сунуш кылынат:

- эгемендүүлүк жылдарындагы Кыргызстандын маданиятынын абалын изилдөөнүн жыйынтыктары анын өнүгүшүнө ааламдашуунун таасири тийип жаткандыгын, мисалы, улуттук маданиятка массалык маданият менен мультикультурализмдин терс таасирин, белгилөөгө мүмкүндүк берет;
- өлкөнүн маданият чөйрөсүнүн өнүгүшүнө аны каржылоону кыскарткан социалдык-экономикалык кризис залакасын тийгизген;
- социалдык-экономикалык оор шарттарга карабастан маданиятка карата мамлекеттик саясатты өзгөртүү мезгилдин зарыл талабы болуп саналат;
- Изилденип жаткан мезгилдеги кыргыз маданияты улуттук маданият менен жаңы кубулуштар – ааламдашуу жараянынын натыйжалары менен синтездешүү шарттарында өнүгүп жатат;

- көз-каранды эмес Кыргызстандын маданиятында улуттук өзгөчөлүктөр басымдуу орунду ээлей баштаган;
- маданиятка жетиштүү мамиле кылбаганда адеп-ахлакты, руханий маданияттын деңгээлин төмөндөтүүчү, өлкөбүздүн келечеги болгон жаш муундардын мекенчил сезимдеринин жоголушуна алып келүүчү коркунучтуу тенденциялар пайда болушу мүмкүн экендигин эстен чыгарбоо керек.

**Изилдөөчүнүн өздүк салымы.** Диссертациялык иликтөөнүн жүрүшүндө эгемендүү Кыргызстандын маданий турмушунун трансформациялануу процесстери жана анын өзгөчөлүктөрү такталды. Кыргыз мамлекетинин маданий саясаты жана анын өзгөчөлүктөрү илимий талдоого алынды. Изилдөөнүн жүрүшүндө көптөгөн архивдик, статистикалык жана башка маалыматтар илимий колдонууга киргизилди.

**Изилдөөнүн жыйынтыктарынын басылмаларда жарыяланышы.** Изилдөөнүн негизги жыйынтыктары бир нече эл аралык, чөлкөмдүк илимий-практикалык конференциялардагы баяндамаларда, илимий билдирүүлөрдө чагылдырылып, атайын илимий жыйнактарда чыккан 7 илимий макалада жарык көргөн. Алар төмөнкү басылмалар: «ОшМУнун жарчысы», Республикалык илимий-теориялык журнал «Наука и новые технологии», «Известия вузов», «Кыргыз каганаты түрк элдеринин орто кылымдардагы мамлекеттүүлүгүнүн жана маданиятынын алкагында» жана Казахстандан чыккан «Высшая школа Казахстана» сыяктуу илимий-практикалык конференциялардын материалдарынын жыйнактары.

**Диссертациянын жалпы түзүлүшү** киришүүдөн, 2 баптан, 4 бөлүмдөн, корутунду, колдонулган булактардын жана адабияттардын тизмесинен турат.

## ДИССЕРТАЦИЯНЫН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ

Киришүүдө тандалып алынган теманын актуалдуулугу негизделди, иштин максаты жана милдеттери белгиленди, иштин илимий жаңылыгы, теориялык жана практикалык мааниси ачылып көрсөтүлдү, коргоого алып чыгылуучу негизги жоболор аныкталды, изилдөөнүн методдору жана булактары көрсөтүлдү, изилдөөнүн методологиялык жана теориялык негиздери каралды.

Биринчи бап «Ааламдашуу шартында Кыргызстандын маданиятынын өзгөчөлүктөрү» - деп аталып, анын биринчи бөлүмүндө «Ааламдашуу жана анын улуттук маданиятка тийгизген таасирине» тарыхый сересеп салынган. Мурдагы ири держава СССРдин кулашынын натыйжасында

пайда болгон жаңы көз карандысыз мамлекеттер, дүйнөлүк цивилизациянын саясий-укуктук, социомаданий системасынын бүтүндөй ааламдашуу жана бирдиктүү маалымат мейкиндигинин калыптануу жараяны жаңы сапаттык өнүгүү стадиясына туура келгени маалым. Албетте, бул жараяндар жаңы түзүлгөн мамлекеттерде жүрүп жаткан социомаданий жараяндардын мүнөзүнө жана багытына, ошондой эле, бул мамлекеттер тарабынан маданиятты өнүктүрүү боюнча өздөрүнүн саясий доктриналарын иштеп чыгуу, аны ишке ашыруу аракеттерине таасир этпей койгон жок. Саясий, социалдык-экономикалык өзгөрүүлөр жаңы мамлекеттерди бир топ олуттуу маданий өзгөрүүлөргө дуушар кылды. Жогорудагыларга байланыштуу Борбордук Азия мамлекеттеринин алдында ааламдашуу менен бирге, бир аймакта жашаган элдердин маданий өзгөчөлүктөрүн, улуттук маданияттын менталитетин, спецификасын сактап калууга байланышкан локалдык (жергиликтүү, аймактык) проблемалар да пайда болгон. Бул бири–бири менен тыгыз байланышкан, бири–биринен өз ара көз каранды жараяндар. Анткени, ааламдашуу көрүнүшү маданияттар системасынын жана анын алып жүрүүчүсү болгон – мамлекеттердин жөн эле өзүн-өзү өнүктүрүүсүн эмес, өздүк өнүгүүнүн белгилүү бийиктигине жетүү талабын коюу.

Ааламдашуу - бул азыркы цивилизацияны коштоп жүрүүчү мамлекеттердин, мамлекеттик уюмдардын, улуттук жана этникалык бирикмелердин маданий, идеологиялык жана экономикалык интеграцияланышуусунун жалпы жана ар тараптуу жараяны.

Бүгүн болсо, ааламдашуу-жалпы дүйнөнүн жаңы биримдигин куруу жараяны болуп калды. Анын башкы багыты - өнүккөн өлкөлөрдүн экономикасын, саясатын жана маданиятын артта калган жана өнүгүп келе жаткан өлкөлөрдүн ар түрдүү аймактарына ыкчам таратуу болуп саналат.

Ааламдашуу жараяны төмөнкү негизги аспектилер менен мүнөздөлөт:

- интернационалдашуу, биринчи иретте өз ара бири–бирине көз-карандылык менен сүрөттөлөт;
- либералдашуу, соода барьерлерин жоюу, инвестициялардын мобилдүүлүгү жана интеграциялык жараяндардын өнүгүшү;
- вестернизациялоо-батыш баалуулуктарынын жана технологияларынын дүйнөнүн бардык булуң-бурчтарына жеткирилиши;
- детерриторизация (улуттук аймактардын жок болушу), трансулуттук масштабдардын активдештирилиши жана улуттук чек аралардын маанисинин төмөндөшү.

Азыркы учурда жүрүп жаткан ааламдашуу жараянынын негизги мүнөзү либералдык–демократиялык баалуулуктардын бардык региондорго таралышы болуп саналат. Ааламдашуу факторлору болгон экономикалык

интеграция, саясий жактан бири–бирине көз карандылык жараяндары жана маданий стандарттар позитивдүү жана негативдүү көрүнүштөргө ээ. Ааламдашуу маалымат коммуникацияларынын туу чокусу болгон – мегакорпорацияларды, интернет – системаларды түзүүгө окшогон жаратуучулук күчкө ээ болуу менен, саясий технологияларды таңуулоо аркылуу улуттук статустун, мамлекеттик суверенитеттин бузулушуна алып келүүчү негативдүү күчкө да ээ.

Ааламдашуу жараянынын бир формасы - бул вестернизация, же "маданий империализм". Анын негизги белгилери төмөнкүлөрдү камтыйт:

- Батыш коомуна мүнөздүү жашоо түрүн жана керектөө багыттарын көчүрүп келүү;
- Маалыматтардын бир тараптуу агымы - «борбордон периферияга»;
- Башка маданияттардын салымын жокко чыгарган батыш маданиятын, универсалдуу маданият катары киргизүү (жайылтуу);
- Маданий байланыштар аркылуу саясий максатка жетүүгө умтулуу;
- Батыш баалуулуктарынын бекемделишине көмөктөшүүчү социалдык – маданий элитаны калыптандыруу.

«Маданий империализмди» көп учурда, дүйнөлүк экспансияны авторитаризмге каршы, театрлар, кинотеатрлар, клубдар ж. б. инфраструктураны түзүү башталган жана совет бийлиги улуттук чет жакаларда профессионалдык маданиятты өнүктүрүүдө бир топ ийгиликтерге жетишкен. Совет доорундагы маданий төңкөрүштүн маңызы элдерди жалпы адамзаттык маданий жана руханий баалуулуктарга жатыктыруу болуп саналган. Арийне, маданий төңкөрүш терс натыйжаларга да алып келген: билим берүү формаларын тандоо мүмкүнчүлүгү жок эле, улуттук мектептер жана медреселер жабылган; жарыяланган динге ишенүү эркиндиги сакталган эмес, күжүрмөн атеизм идеялары жигердүү жайылтылган. Кыргыз тили академиялык чөйрөдөн сүрүлүп салынган. Маданиятты социалисттик жана буржуазиялык деп экиге ажыратуу 90-жылдарга карата бир кыйла терс көрүнүштөрдү жаратты.

СССРде маданий чөйрө "маңызы социалисттик, мүнөзү интернационалдык, формасы улуттук" деген форматта өнүккөн. Мындай өнүгүүнүн өзгөчөлүгү мына мында эле: бир жагынан улуттук форманы интернационалдык идеологияга багытталган таптык-социалисттик маңыз аныктаган, экинчи жагынан, форма маданияттын маңызынын, анын түрүнүн жана колдонгон каражаттарынын сырткы көрсөткүчү катары чыккан. Бул үчилтик эң көрүнүктүү фактор катары Советтер Союзунда улуттук маданияттарды өнүктүрүү приоритеттүү багыттардан болуп саналары жөнүндөгү жалган түшүнүктү жараткан: улуттук маданияттардын гүлдөп өнүгүүсү жана жакындашуусу идеалары

жайылтылган. Мындай кырдаалда терс көрүнүштөр көрүнгөн эмес, улуттук маданияттын негизин жана өзөгүн түзгөн кыргыз тили колдонуудан чыгып бараткан.

Кыргызстандын суверендүүлүктү алышы жана ага байланыштуу жүргөн саясий жана социалдык – экономикалык өзгөрүүлөр маданий чөйрөдө жаңы көйгөйлөрдү жана милдеттерди жаратты. Эгемендүүлүк жылдарындагы маданиятыбыз басып өткөн жолду талдап карап чыгып, бул жол татаал кризистик мезгил болгондугун белгилөөгө болот. Бул аралыктагы маданий чөйрөдөгү мамлекеттик саясаттын башкы позитивдүү натыйжасы катары Кыргызстандын мурдагы мезгилдерде топтолгон маданий байлыгын жалпысынан сактап калгандыгын атоого болот.

Эгемендик мезгилде, атап айтканда 1992-ж. "Маданият жөнүндөгү" мыйзам, "Чыгармачыл союздарды социалдык коргоону, искусство, маданият мекемелерине мамлекеттик колдоону күчөтүү боюнча иш–чаралар жөнүндөгү", "Республикада китепканалардын ишин жакшыртуу жөнүндөгү" КР Өкмөтүнүн токтомдору кабыл алынды. 1996-2000-жж. аралыгында: «Документтердин милдеттүү нускалары жөнүндө (Об обязательном экземпляре документов)», «Китепканалардын иши жөнүндө», «Тарыхый-маданий мурастарды коргоо жана колдонуу жөнүндө», «Кыргыз Республикасынын музейлери жана музейдик фонд жөнүндө" деген мыйзамдар кабыл алынды. Кыргыз Республикасынын маданиятын жана искусствосун сактоо жана өнүктүрүү боюнча 1997-2000-жж. карата кабыл алынган «Маданият» мамлекеттик максаттуу программасы, маданият чөйрөсүнүн бардык тармактарынын өнүгүшүн бир топ стимулдаштырды. 2001-ж. "Искусство жана маданият чөйрөлөрүн өнүктүрүүнүн 2001–2005-жж. карата кабыл алынган Мамлекеттик Программасы", «Маданият» программасынын логикалык уландысы болуп калды.

Эгемендүү Кыргызстандын маданият жаатындагы мамлекеттик саясаттын негизги принциптери болуп төмөнкүлөр саналат:

- маданиятты Кыргызстан элинин руханий өнүгүүсүнүн, нравалык тарбиясынын негиз салуучу фактору катары таануу;
- Кыргызстан элинин тарыхый жана маданий мурастарын сактоо жана өнүктүрүү, алардын өнүгүүсүндөгү өзгөрүүнү камсыз кылуу;
- дүйнөлүк мейкиндикте улуттук маданияттын бүтүндүгүн сактоо жана аны ар түрдүү маданияттардын жетишкендиктери менен байытуу;
- чыгармачылык ишмердүүлүктүн эркиндиги;
- маданий баалуулуктарды жаратууда, пайдаланууда жана жайылтууда атуулдардын мүмкүнчүлүктөрүнүн жана укуктарынын бирдейлиги;
- башка өлкөлөр жана элдер менен маданий областта кызматташуунун укуктук негиздерин түзүү;

- маданиятты өнүктүрүүдө мамлекеттик жана коомдук кызыкчылыктарды айкалыштыруу;
- маданиятты жана искусствону мамлекеттик деңгээлде колдоо;
- Кыргыз Республикасынын атуулдарынын маданият тармагындагы
- ишмердүүлүгүн, маданий турмушка катышуусун камсыз кылуу, укуктарын коргоо;
- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын чегинде чыгармачыл союздарга, башка коомдук бирикмелерге биригүү эркиндиги;
- Республиканын аймагында жашаган бардык элдердин маданиятын сактоо жана өнүктүрүү үчүн тиешелүү шарттарды түзүү;
- Кыргызстандын тарыхый-маданий мурастарын коргоо жана жайылтуу боюнча мамлекеттик саясатты ишке ашыруу;
- эл аралык маданий байланыштарды координациялоо.

Кыргызстан мамлекеттик деңгээлде маданият жаатындагы бир катар эл аралык конвенцияларды ратификациялады. Мисалы, 1954-ж. Гаагада кабыл алынган “Куралдуу конфликт учурунда маданий баалуулуктарды коргоо жөнүндөгү” конвенция. Конвенцияда согуштук конфликт учурунда маданий обьектилерди коргоо каралган. Ал Кыргызстанда 1995-жылдан баштап күчүнө кирди. Ошол эле жылы ЮНЕСКОнун “Маданий баалуулуктарга жеке менчик укугун берүү жана мыйзамсыз алып кирүү жана алып чыгууга тыюу салуу жана алдын ала эскертүүгө багытталган чаралар жөнүндөгү” эл аралык конвенциясы Кыргызстанда иштей баштады. Кыргыз Республикасы менен башка өлкөлөрдүн – конвенциянын катышуучуларынын ортосунда “Мыйзамсыз алып киргизилген жана алып чыгарылган маданий баалуулуктарды кармоо жана кайтаруу маселелери боюнча бажы кызматтарынын кызматташуусу жөнүндөгү” келишимге 1994-ж. Москвада кол коюлган. Кыргызстан ага 1995-ж. кошулду. Кыргызстан Улуу Жибек жолуна таандык Борбордук Азиянын эң баалуу тарыхый жана маданий эстеликтеринин катарына кирген, бир катар өзгөчө баалуу тарыхый эстеликтерге ээ. Бизде көптөгөн уникалдуу тарыхый – маданий, архитектуралык жана археологиялык эстеликтер топтолгон. Алар: монументалдык искусствого таандык ар түрдүү эстеликтер, таш балбалдар, мемориалдык үйлөр, некрополдор, күмбөздөр, таштагы жазуулар жана башка өлкөнүн тарыхы жана маданияты үчүн өзгөчө мааниге ээ көптөгөн обьектилер. Уникалдуу байыркы шаарлар - Таш-Рабат, Невакет, Суяб жана Баласагын, ал доордун күбөлөрү болуп саналышат. Аларды сактоо маселеси боюнча Кыргызстан “Улуу Жибек жолунун эстеликтерин сактоо” проектинин рамкасында ЮНЕСКО менен кызматташып келүүдө. Маданий эстеликтерди коргоо багытындагы дагы бир маанилүү Эл аралык документ 2003-жылы Парижде ЮНЕСКОнун

Генералдык конференциясы тарабынан кабыл алынган “Материалдык маданий мурастарды коргоо жөнүндөгү” эл аралык Конвенция. Кыргызстан аны 2006-жылы ратификациялады. Кыргызстандагы ушундай эстеликтердин катарына Сулайман-Тоо жана анда жайгашкан XV кылымга таандык архитектуралык эстеликтер да кирет. 2010-жылы жүргүзүлгөн паспорттоштуруунун натыйжасында 583 республикалык маанидеги жана 1269 жергиликтүү маанидеги эстеликтер мамлекеттик каттоо тизмесине алынган. Өкмөт тарабынан “Кыргыз Республикасында маданий ишмердүүлүктү колдоо жана коргоо жөнүндө” мыйзамдын жаңы редакциясы Жогорку Кеңештин кароосуна сунушталды. “Кыргыз Республикасынын кинематографиясын колдоо жөнүндө” мыйзам жана башка укуктук актылар кабыл алынды. “Маданият - муундардын руханий байлыгынын жана мурасынын булагы” - аттуу мамлекеттик программа даярдалууда.

Мындай мамлекеттик деңгээлдеги иш чаралар, максаттуу саясат Кыргызстандын маданиятын колдоого, өнүктүрүүгө, тарыхый маданий баалуулуктарды сактоого ар тараптуу өбөлгөлөрдү түзөөрү талашсыз факт.

*Экинчи бап* «Кыргызстандагы маданияттын абалы: анын негизги өзгөчөлүктөрү жана тенденциялары» эки бөлүмдөн турат. Биринчи бөлүмү «XX к. аягы-XXI к. башындагы Кыргыз Республикасынын маданиятынын өнүгүү өзгөчөлүктөрү» деп аталып, анда аталган мезгилдеги маданияттын өзгөчөлүктөрү тууралу изилдөөлөр жүргүзүлдү. Социализм доорунун акыркы жылдарында Кыргызстандын салттык маданиятына олуттуу өзгөртүүлөр киргизилгени маалым. Улуттук маданият системасын аныктоодо социалисттик маданият жана советтик адам образын жаратууга үгүттөгөн социализм идеологиясы үстөмдүк кылган. Улуттук маданият тиричилик деңгээлиндеги үрп-адаттар деңгээлине түшүп, ал эми улуттук аң-сезимдин деңгээли өтө деле жогору болгон эмес, анткени, тарыхый жаңы, бирдиктүү жамаат катары “совет эли” категориясын киргизүү биринчи орунга коюлган эле. Кыргыздардын улуттук аң-сезими советтик республикалардын жалпы катарында өзүнүн өзгөчөлүгүн сезбеген, мокок абалга келген. Мына ушунун өзү улуттук–социалдык өнүгүүнүн трагедиясынын көрсөткүчү болгон, анткени, кыргыз менталитети (улутка таандык өзгөчөлүктөрү) талап кылынбай калган. Улуттук маданияттын абалынын эң негативдүү күбөсү катары орус тилинин расмий статуска ээ болуп, кыргыз тилинин унутта калуусун айтууга болот. Өз эне тилибизди унутуу, кыргыз маданиятынын жана менталитетинин ички биримдигинин бүлүнүшүн тездетти.

Ошентсе да СССР кулаар алдында Кыргызстан маданий–агартуучулук мекемелердин кеңири тармактарына ээ эле. 1990–жылы 450 миңден ашык орундуу 1200 клубдук мекемелер, 25,5 млн экземпляр китеп

фонду бар 1700дөн ашык китепкана, 8 профессионалдык театр, 20 музей, 1,4 миң кино көрсөтүүгө керектүү приборлор жана шаймандар болгон.

Кыргызстандын өз суверенитетине ээ болушу маданияттын салттык системасынын чукул өзгөрүшүнө алып келди. Улуттук аң–сезимдин кескин жогорулашы салттык маданияттын баалуулуктарынын кайра жаралуусун шарттады. Ошону менен катар эле өнүгүүнүн башка тенденциясы да жүрүүдө, ал: ааламдашуу жараяны алып келген улуттук маданияттардын структурасына универсалдык баалуулуктардын кириши жана жайылышы.

Алгач Кыргызстандын маданияты өтө оор абалда болгон. Дээрлик 15 жыл аралыгында республикада маданият министрлиги болгон эмес, билим берүү министрлигинин курамында маданият боюнча бөлүм гана болуп келген. 2005-жылы гана маданият министрлиги түзүлүп, ал азыркы күндө эл аралык нормаларга жана ЮНЕСКОнун конвенцияларына ылайык жаңы заманбап маданий саясатты иштеп чыгуу аракетинде. Азыркы мезгилде маданиятты өнүктүрүүгө мамлекеттик бюджеттен 0,03% каражат бөлүнөт, буга чейин бул тармак көп жылдар бою системалуу түрдө толук каржыланбай келген, бул албетте көп жагынан зыяндуу болгон. Чындыгында, профессионалдык маданият ойрон болуу чегине келип калган эле.

Кыргыз Республикасынын маданиятын жана искусствосун 2010-жылга чейин өнүктүрүүнүн Улуттук Программасында: «1991-жылга салыштырмалуу республиканын китепканалар фонду 2 млн бирдиктен ашыкка (13,9%) азайган, жаңы адабияттардын агымы 72,1% кыскарган. Мезгилдүү басма сөзгө жазылуу республика боюнча орто эсеп менен 9 эсеге азайган, айылдык китепканалар акыркы жылдары бир жылда орто эсеп менен 1-3 гана жаңы басылма алышат. Ошол эле жерде «акыркы мезгилде балдар жана өспүрүмдөр үчүн зарыл болгон заманбап китептердин басмадан чыкпай жаткандыгы айтылган.

1993-1997–жылдары Кыргызстанда театрлардын саны өскөнү менен чындыгында, аларга бир жылда барган адамдардын саны 1989-жылга салыштырмалуу үчтөн экиге кыскарган. Бир нече жеке менчик театрлар ачылган, бирок алардын бирөө да жетишээрлик деңгээлде каржыланган эмес. 1990–жылдан музейлердин саны көбөйгөн, бирок аларга барган адамдардын саны кескин азайып кеткен. Кинотеатрлардын жана аларга барган адамдардын саны да кескин кыскарган. Экономикалык кризиске байланыштуу көптөгөн маданият үйлөрү, шаардык жана айылдык китепканалар жабылган. 1993-1997–жылдары адабият менен камсыздоо дээрлик төрт эсеге кыскарган. Окуу китептери такыр келген эмес. 1995-1997жж. Китепканалардын окурмандарынын саны 1989-19990-жж. Салыштырганда 47%га азайган.

Өлкөнүн коомдук өнүгүшүн каптаган экономикалык, социалдык жана саясий кыйынчылыктар маданият чөйрөсүндө да терс көрүнүшөргө алып келди. Диний, этностор аралык, улуттук чөйрөдө карама-каршылыктар күчөдү, аймактык, жер-суу, социалдык-экономикалык жаңжалдар ырбады. Бул, албетте, маданиятка терс таасирин тийгизбей койгон жок. Натыйжада маданиятта терс көрүнүштөр байкалды: маданияттын абалы жөнүндөгү маалыматтар жашырылган же бурмаланган, калктын жалпы маданияты төмөндөгөн, маргиналдашкан, коомдун интеллектуалдык маданий элитасы кескин азайды, маданий саясаттын стратегиясы жана аны мамлекеттик колдоо болгон жок.

Өлкөнүн социалдык-экономикалык өнүгүшүндөгү олуттуу кыйынчылыктар, мамалекеттин маданият чөйрөсүндөгү жетишсиз саясаты көңүл сыздата турган натыйжаларга алып келди: улуттук маданиятты, оң багыттагы салттарды, адеп-ахлактык баалуулуктарды колдоонун кескин төмөндөшү АКШдан жана бир катар Европа өлкөлөрүнөн бизге агып кирип келген адабияттын, кинематографиянын, драмалык искусствонун төмөнкү сапаттагы үлгүлөрүнүн таасирин көбөйттү.Натыйжада калктын түрдүү катмарлары, өзгөчө жаштар, цивилизациялуу коомдорго тиешелүү жүрүм-турум нормаларынан баш тартып, массалык маданияттын жат үлгүлөрүн туурай башташты.

Илим жана техниканын жетишкендиктеринин өндүрүш тармагына жана турмуш тиричилик-чөйрөсүнө кеңири жайылышы, маданияттын иштөө формаларынын олуттуу өзгөрүшүнө алып келди. Мультимедия каражаттарынын, тиричилик радио техникаларынын кеңири таралышы өндүрүш механизмдерин, көркөм баалуулуктардын таралышын жана керектелишин түп–тамырынан бери өзгөрттү. «Кассеталык» маданият цензурасыз болуп калды, анткени, тандоо, көбөйтүү жана колдонуу, сыртынан караганда, аны керектөөчүлөрдүн эркин каалоосу аркылуу ишке ашырылат.

Азыркы учурдун эң маанилүү жана татаал көйгөйү–маданият менен рыноктун өз ара алакасы. Көпчүлүк учурда маданий чыгармаларды түзүү ишине кадыресе пайда алып келүүчү бизнеске, катардагы товарга мамиле кылгандай мамиле жасашат.

Ошентсе да маданияттын өнүгүүсү токтоп калган жок. XXI кылымдын башында Кыргызстанда маданияттын жаңы багыттары калыптанды жана алардын ар бири белгилүү публикага багытталган:

- Жогорку, элитардык маданият: элита тарабынан жаралуучу жана кабыл алынуучу–көркөм искусство, классикалык музыка жана адабият.
- Элдик маданият: жомоктор, фольклор, ырлар жана уламыштар кирет, алар эреже катары калктын төмөнкү катмарларына таандык.

- «Массалык» - «коммерциялык» маданият: мамлекетке көз карандысыз массалык маалымат каражаттарынын пайда болушу - радио, массалык басма сөз, телевидение, интернет. Жогорку жана элдик маданияттардын айырмачылыгы жоюлуп, чыгармалары стандартташтырылып, публиканын арасында кеңири жайылтылган «массалык» маданиятка айланып калат.
- Субмаданият: коомдук көпчүлүктөн тайпаны айырмалап туруучу баалуулуктардын жана нормалардын системасы, анткени бардык коомдордо ар түрдүү маданий баалуулуктарга жана каада – салттарга ээ көптөгөн тайпачалар жашайт. Субмаданият жаш курак, социалдык тап, этникалык тамыр, дин жана жашоо орду сыяктуу факторлордун таасири менен калыптанат.
- «Контрмаданият»: анда оппозициялык, козголоңчу маанайдагы социалдык – маданий көрсөтмөлөр жана баалуулуктар багыттары чагылдырылат, иш жүзүндө бардык субмаданият контрмаданият формасында болуп калышы мүмкүн. Контрмаданияттын болушу жана таралышы социологдор тарабынан тигил же бул коомдогу маданий кризистин белгиси, адамдардын маданияттын учурдагы баалуулуктар системасына канааттанбагандыгы катары бааланат.
- Виртуалдык маданият: маалымат - коммуникация технологиялары менен байланышкан. Коом маданиятты жаңыча түшүнүктүн негизинде кабылдайт, ал чыгармачылыкты элестүү кабыл алуунун негизинде курат.

Азыркы күндөгү маданият чөйрөсүндөгү негизги көйгөйлөр төмөнкүлөр болуп саналат:

- маданият чөйрөсүндө укуктук-нормативдик базанын начардыгы, кабыл алынган мыйзамдардын, жарлыктардын, токтомдордун ишке толук ашырылбагандыгы, анын натыйжасында тармак инвесторлор, спонсорлор жана меценаттар үчүн “өзүнө тартпаган” тармак бойдон калып келүүдө;
- маданият мекемелеринин рынок шарттарына начар ыңгайлашкандыгы;
- мыкты адистердин башка жактарга кетүүсүн шарттаган маданият кызматкерлеринин айлык акыларынын өтө төмөндүгү жана алардын социалдык жактан корголбогондугу;
- маданият мекемелери ишке ашыруучу тейлөөнүн түрлөрүнүн жана сапатынын начарлашы. Бир катар мекемелер, нормалдуу иштөөнү камсыз кылуучу материалдык жана финансылык ресурстардын жоктугунан, иш жүзүндө консервация режиминде калышты;

- калктын төлөө мүмкүнчүлүгүнүн төмөндүгүнө жана тейлөө сапатынын начардыгына байланыштуу маданият мекемелерине адамдардын келүүсүнүн кескин төмөндөөсү;
- маданият мекемелери үчүн инвентарь жана жабдууларды сатып алууга бөлүнүүчү каражаттын кескин кыскарышы, кезектеги жана капиталдык ремонт иштерин жүргүзүүгө каражаттын жоктугу;
- маданияттын жаңы жетишкендиктерин жайылтуу механизминин жоктугу;

Жогорудагылардын баары Кыргызстандагы улуттук маданияттын биз иликтеген мезгилдеги абалын, анын негизги багыттарын жана тенденцияларын мүнөздөө менен XXк. аягы - XXIк. башындагы Кыргыз Республикасынын маданиятынын өнүгүүсүнүн өзгөчөлүктөрүн тастыктайт.

Экинчи бөлүм «Постсоветтик Кыргыз Республикасынын искусствосунун өнүгүүсү» - деп аталып, анда эгемендүүлүк мезгилиндеги кыргыз искусствосуна сересеп салынды. Классикалык искусство негизинен Совет доорунда калыптанып, эгемендүүлүк мезгилине ар тараптуу өнүккөн искусство тармагын мураска калтырган.

Кыргызстандын эгемендүүлүгү калктын өз маданиятына кызыгуусунун жогорулашына мүмкүндүк берди, рухий башталыштарды жана улуттук өзгөчөлүктөрдү тереңдетип изилдөө башталды, ал өз кезегинде руханий кайра жаралууга көмөктөшөт.

Жаңы тарыхый-маданий шарттарда маанилүү адабий чыгармалар жаралды. Айрыкча заманыбыздын улуу жазуучусу Ч. Айтматовдун “Кассандранын тамгасы”, “Чынгыз–хандын ак булуту” повести жарык көргөн.

Эгемендүү Кыргызстандын көркөм адабиятынын тарыхына татыктуу салым кошкондор: Т. Ибраимов, Т. Малдыбаев, Э. Абдыжапаров, драматургдар жана прозаиктер С. Раев, М. Байжиев, Л. Дядюченко, А. Иванов, Ж. Кулмамбетов, акындар А. Акималиев, А. Зарифьян, А. Никитенко, А. Пак, О. Султанов, С. Суслова, адабий сынчылар В. Сандлер, Г. Хлыпенко, мыкты котормочулар А.Кузнецов, С. Суслова. 2011-жылдын декабрь айында “Кыргыз жаштарынын поэзиясынын антологиясы” деген аталышта Кыргызстандын жаш акындарынын ырлар жыйнагы жарык көрдү.

Кыргызстандын искусствосунун белгилүү ишмерлеринин чыгармачыл анталогиясын түзүү боюнча да алгылыктуу иштер жасалды. Мисалы, живописчилер Т. Герцендин, Ж. Жабаевдин, С. Чуйковдун, дирижер А. Джумахматовдун, опера ырчылары С. Кийизбаеванын, М. Махмутованын, Б. Миңжылкыевдин, кинематографисттер К. Кыдыралиевдин, Т. Океевдин жана башкалардын чыгармачыл биографияларынын фонду түзүлдү.

1995–жылы БУУнун, ЮНЕСКОнун колдоосу астында “Манас” эпосунун 1000 жылдыгы бүткүл дүйнөлүк масштабда кеңири белгиленди.

Эгемендүү Кыргызстанда театр искусствосу да жаңы деңгээлге өсүп чыкты. Бүгүнкү күндө профессионалдык театрлар республиканын борборунда жана облус борборлорунда иш алып барышат.

Көп жылга созулган кыйынчылыктардан жана сыноолордон кийин кыргыз кинематографиясы алгылыктуу өнүгүү жолуна түштү. Бир топ татаалдыктарга карабастан, кызыктуу чыгармачыл иштер жаралды: “Эмне болсо, ошо болсун", "Шайтандын мөөрү" (1992-ж.), "Селкинчек" (1993-ж.), "Ыйлаба, носорог" (1994-ж.), "Антракт" (1995-ж.) учурда Ч. Айтматовдун “Кылымга тете бир күн” романы боюнча фильм тартылууда. Кыргыз кинематографтары жыл сайын эл аралык кинофестивалдарга катышып абройлуу сыйлыктарга татыктуу болуп жатышат. Мисалы, режиссер М. Сарулунун "Менин агам - Жибек жолу" аттуу фильми 2002-жылы Бруклин кинофестивалында жеңишке жетишти. Режиссер Актан Арым Кубаттын "Бешкемпир" кыргыз-француз фильми (1999-ж.) бир канча эл аралык кинофестивалдардын башкы сыйлыктарына ээ болду.

Кыргызстандын Сүрөт искусствосунда да олуттуу өзгөрүүлөр бар. Бул биздин замандаштардын көркөм чыгармачылыгы менен да тастыкталууда. Д. Адашканова, А. Байтереков, Р. Бухарметов, Ж. Кадралиев, Т. Курманов, С. Осмоналиев жана башкалар тарабынан жаралган көркөм образдар алардын дүйнө сезүүсүн чагылдырып, улуттук дүйнө кабыл алуунун өзгөчөлүктөрүн берет. Азыркы кыргыз живописинде көркөм-декоративдик багыт жемиштүү жана кызыгууну жаратуу менен өнүгүүдө. Бул багытта К. Давлетовдун, У. Жалиевдин, Р. Жангарачеванын, О. Идирисовдун жана башка авторлордун эмгектери кызыгууну жаратат.

Кийизден жана кездемеден жасалган буюмдардын, алардын ичинде сувенирлер да бар, бул кооздук жана тиричилик буюмдарын жасоодо Т. Сүйүнбаев, Т. Амантаев, К. Токтоналиев жана башкаларга окшогон элдик усталардан сырткары профессионал сүрөтчүлөрдүн катышкандыгы менен түшүндүрүүгө болот. Акыркыларга: Т. Касымов, Н. Исабева, В. Никулина жана башкаларды кошууга болот. Ошентип Кыргызстандын искусство тармагы ар тараптан иликтөөгө алынды.

## ЖЫЙЫНТЫКТАР

Ошентип, бул изилдөөдө эгемендүү Кыргызстандын маданиятынын жалпы абалы ар тараптан иликтөөгө алынды жана анын өнүгүшүнүн негизги багыттары, көйгөйлөрү, перспективалары аныкталды

- Ааламдашуу жараяны көз карандысыз мамлекеттердин өнүгүүсүнүн бардык аспектилерине өтө чоң таасир этет. Ошондуктан, ааламдашууну жөн гана тарыхый өнүгүүнүн багыты катары кабыл албастан, аны коштогон бардык карама-каршылыктуу учурларына көңүл буруу абзел. Ошондо гана мамлекет ааламдашуу жараяндарына ыңгайлаша алат.
- Салттык баалуулуктар бүгүнкү күндө сырттан таңууланган “чоочун” баалуулуктардын чоң агымында бөтөнчө бир маятниктин милдетин аткарууга чакырылган. Ааламдашуу жараяндарын четке кагууга мүмкүн эмес, бирок аларды салттык баалуулуктар менен ийкемдүү айкалыштырууга болот, башкача айтканда, белгилүү баланс табууга болот.
- Кыргыз мамлекетинин жана Кыргызстан элинин руханий баалуулуктарынын негизин ар дайым бийик маданият түзүп келген. Тарых тастыктагандай, эң коркунучтуу кризис – бул руханий кризис, ошондуктан, ааламдашуу шарттарында руханий баалуулуктарды, улуттук өзүн - өзү таанып билүүчүлүктү сактап калуу улутту сактап калууну билдирет.
- Эгемендүүлүк жылдарында Кыргызстандын маданияты, эң ириде, татаал социалдык-экономикалык кырдаал алып келген, каржылоонун көлөмүнүн кыскаруусуна байланышкан оор жолду басып өттү. Ошентсе да, оор кыйынчылыктарга карабастан, СССРдин курамында турган мезгилде топтолгон маданий потенциалыбызды сактап калууга жетиштик.
- Постсоветтик мезгилде мамлекеттин маданий саясатында жалпы адамзаттык жана жалпы гуманитардык баалуулуктарга багыт алган жаңы приоритеттер пайда болду. Ал Кыргыз Республикасындагы бардык элдердин маданиятын өнүктүрүүгө, эл аралык маданий байланыштарды координациялоого, профессионалдык искусствого мамлекеттик колдоону камсыз кылууга, тарыхый-маданий мурастарды коргоо багытында иш-чараларды көрүүгө чакырылган.
- Азыркы саясаттын чегинде маданият, мамлекеттик саясаттын бардык багыттарынын ажырагыс бир бөлүгү катары каралып, анын руханий – баалуулук жана нравалык-нормативдик аспектилерин чагылдырууга

тийиш. Маданият социалдык саясаттын бир бөлүгүн түзүп, Кыргыз республикасынын социалдык жана экономикалык жашоосуна салым кошкон саламаттыкты сактоо, туризм, коомдук коопсуздук ж. б. менен катар калкты тейлеген тармактардын бирине айлануусу зарыл.

- Өлкөбүздүн маданиятынын өнүгүү абалына мамлекеттик каржылоонун начардыгы, маданий мейкиндикте чет элдик продукциянын үстөмдүк кылышы, меценаттык салттын начар өнүгүүсү жана маданий демилгелерди колдоонун жетишсиздиги терс таасирин тийгизүүдө.
- XXI кылымдын биринчи он жылдыгындагы улуттук маданияттын өзгөчөлүгү эки багытты алып жүргөндүгүндө: биринчиден, каада–салттардын чыныгы маанисин сактап калууга умтулуу, экинчиден, каада–салттарга жана азыркы заманга радикалдуу көз караштарды өнүктүрүү. Маданиятты, искусствону жана билим берүүнү өнүктүрүүгө мамлекеттик дотациянын деңгээлинин төмөндөшү демилге көтөрүү үчүн пайда болгон жаңы шарттар менен компенсацияланууда. Ошентип, Кыргызстандын азыркы маданияты коомдук-саясий, тарыхый, экономикалык өнүгүүнүн өзгөчөлүктөрүн чагылдырган өз ара мамилелердин негизинде калыптанууда.
- Азыркы социомаданий шарттар, Кыргызстандагы коомдук-саясий жана экономикалык кырдаал билим берүүнүн өзгөрүп жаткан шарттарына тез ыңгайлашууга жөндөмдүү чыгармачыл инсандын өнүгүшүно багыт алууну талап кылып жатат. Инсандын чыгармачыл потенциалын мобилизациялоо жана аны коомдун өнүгүшү үчүн пайдалануу Кыргызстанды системдик кризистен чыгаруунун маанилүү милдеттеринин бири болуп саналат.
- Салттык искусствонун бүтүндүк, коллективдүүлүк, улантуучулук, жаратылышты сактоочулук, синкреттүүлүк сыяктуу принциптери жаңы муунду элдин маданиятына жана каада–салтына жакындаштырууга мүмкүндүк берет. Салттык искусство руханий баалуулуктар менен тааныштырат, социомаданий ыңгайлашууга жардам берет, ааламдашуунун терс таасирлерине каршы турууга үйрөтөт.
- Маданияттын кулашына байланыштуу бир топ кыйынчылыктарды башынан Кыргызстан сүрөтчүлөрүнүн, режиссерлорунун, адабиятчыларынын чыгармачылыгынын негизинде жашоонун актуалдуу жагына кызыгуу, искусствонун бардык каражаттарын колдонуп, элдин руханий кайра жаралуусунун жаркын, образдуу жана поэтикалык летописин жаратууга умтулуу жатат.

# ПРАКТИКАЛЫК СУНУШТАР

- Рынок шарттарында маданияттын өнүгүшүнө көмөктөшүү мамлекеттин өзгөчө милдети. Аны чечүү үчүн маданий тарбиялоонун туруктуу системасын түзүү, жаңы маданий байланыштарды жана дүйнөлүк маданиятка интеграцияланышууну калыбына келтирүү жана кеңейтүү, маданияттын көөнөргүс салттык багыттарын сактоо, ата мекендик кинематографияны, театрды, музыкалык жана сүрөт искусствосун өнүктүрүү, жумушчу орундарды түзүү максатында маданият тармагы үчүн жардамчы өндүрүш цехтерин түзүү, маданият кадрларын даярдоонун рационалдуу системасын түзүү, маданиятты өнүктүрүүгө көмөктөшүүчү укуктук базаны жакшыртуу.
- Өлкөдө маданий ренессанс болуу үчүн эки негизги фактор зарыл: биринчиси, коом өзү белгилүү деңгээлде ренессанстык деңгээлге өсүп чыгуусу, материалдык эле эмес, руханий мааниде да бышып жетилүүсү зарыл. Экинчиден, жазуучулардын, режиссерлордун, сценаристтердин чыгармалары мезгил талабына жооп берүүсү керек. Тигил же бул чыгармалардын көркөмдүүлүк наркына баа гана бербестен, таланттуу чыгармачыл инсандардын ийгилигине жана өсүшүнө көмөк көрсөтүүчү сын, эксперттик коомдор, көзөмөлдөөчү кеңештер болушу абзел. Анан, албетте, чыгармачылык проектерди колдоочу меценаттар жана фонддор керек.
- Жаштарга элдик салттарды жана мурастарды көрсөтүүнүн жана өткөрүп берүүнүн эффективдүү инструменттери болуп аларды модернизациялоо саналат. Элдик салттарды билүүнү жана сыйлоону, мамлекеттик тилди, эпосторду билүүнү мамлекеттик идеологиянын бир элементине айландыруу зарыл. Керектөөчүлөрдү (жаштарды) тартуу боюнча бөтөнчө маркетингдик стратегия иштелип чыгуусу зарыл. Бул-бүгүнкү күндө эффективдүү иштеп кетүүчү фактор.

**Диссертациянын негизги мазмуну төмөнкү макалаларда чагылдырылган**:

1. **Шаанов Т.М.** Влияние глобализации на культуру Кыргызстана [Текст] /Шаанов Т.М. // Известия вузов. –Бишкек, 2010. -№.... -14-16-б.
2. **Шаанов Т.М.** Государственная культурная политика в современном Кыргызстане [Текст] /Шаанов Т.М. // Известия вузов. –Бишкек, 2010. -№.. -17-19-б.
3. **Шаанов Т.М.** Особенности развития культуры в Кыргызстане на рубеже XX-XXI вв. [Текст] /Шаанов Т.М. // Наука и новые технологии. –Бишкек, 2011.- №.160-162-б.
4. **Шаанов Т.М.** Международные связи Кыргызстана в сфере культуры [Текст] /Шаанов Т.М. // Наука и новые технологии. -Бишкек, 2011. №... -169-171-б.
5. **Шаанов Т.М.** Развитие культуры в Кыргызстане на рубеже XX-XXI вв. [Текст] /Шаанов Т.М. //Высшая школа Казахстана.-Алма-Ата, 2012.-№1.-226-230-б.
6. **Шаанов Т.М.** Культурные традиции ислама [Текст] /Шаанов Т.М. // Кыргыз каганаты түрк элдеринин орто кылымдардагы мамлекеттүүлүгүнүн жана маданиятынын алкагында. Борбордук Азиядагы Улуу Кыргыз Каганатынын түзүлгөндүгүнүн 1170 жылдыгына арналган II Эл аралык илимий жыйынын тезистери. –Бишкек, 2013-ж. 15-16-ноябрь. –214-215–б..
7. **Шаанов Т.М.** Глобализация и ее влияние на современные культурные процессы [Текст] /Шаанов Т.М. // Кеңеш доорундагы мамлекеттүүлүктүн пайдубалы: “Кыргыз автономиялуу областы” – аттуу эл аралык илимий практикалык конференциянын макалалар жыйнагы. -Ош 2014-ж. 30-октябрь. –274-275–б.

**Шаанов Талант Мурадиллаевичтин “Эгемендүү Кыргызстандын маданияты: өзгөчөлүктөрү жана келечеги” - деген темада 07.00.02. - Ата Мекен тарыхы адистиги боюнча тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын алуу үчүн жазылган диссертациянын**

## РЕЗЮМЕСИ

**Негизги сөздөр:** маданият, маданий турмуш, маданий ааламдашуу жараяны, өзгөрүү жана өзгөчөлүктөр, маданияттагы тенденциялар, мамлекеттик саясат, билим, илим, адабият, театр, искусство, маданиятты трансформациялоо, маданият жаатындагы мыйзамдар, учурдагы маданияттын мүнөзү, негизги багыттары, келечеги.

**Изилдөөнүн обьектиси:** эгемендүүлүктүн алгачкы жыйырма жылындагы коомдук жана саясий өнүгүүнүн алкагындагы Кыргызстандын маданияты

**Изилдөөнүн максаты:** өлкөдөгү 1990-2014-жж. эгемендүү Кыргызстандын маданиятынын өзгөчөлүктөрүн жана келечегин изилдөө.

**Изилдөөнүн хронологиясы:** XX кылымдын 90-жылдарынан баштап 2014-жылга чейинки мезгил камтылган.

**Изилдөөнүн методологиясы жана методикасы:** негизинен тарыхый, хронологиялык, логикалык салыштырмалуу, универсалдуу талдоо ыкмалары, тарыхый обьективдүүлүк принциптери пайдаланылды.

**Диссертациядагы негизги илимий жаңылыгы**: илимий айлампага жаңы тарыхый жана тарыхнаамалык материалдар киргизилди; ааламдашуу жараянынын ыкчамдашы салттык коом менен батыш баалуулуктарынын ортосундагы идеологиялык конфликтти тереңдетээри аныкталды; салттык маданияттын өзгөчөлүктөрү такталды; маданият чөйрөсүндөгү мамлекеттик саясаттын негизги приоритеттери аныкталды; маданият чөйрөсүндөгү көйгөйлөрдү чечүүнүн жолдору каралды.

**Диссертациянын илимий-теориялык жана практикалык мааниси:** изилдөөнүн жыйынтыктары эгемендик доорундагы тарых илимине, алардагы маданий маселелер боюнча тарыхнааманын өнүгүүсүнө белгилүү деңгээлде салым кошо алат. Сунушталган көз караштар Ата Мекен тарыхын окутууда жана аталган тармак боюнча жалпылоочу эмгектерди жаратууда, Кыргызстандын маданий өнүгүүсүн иликтөөдө, окуу жайлардын окуу процесстеринде пайдаланууга болот. Изилдөөнүн натыйжасы эгемендүү Кыргызстандын маданий турмушунун абалын, өнүгүүсүн, ааламдашуу жараянынын кыргыз маданиятына тийгизген таасиринин соңку жаңы тарыхын изилдеп жазууга илимий-теориялык жактан көмөк берет.

# РЕЗЮМЕ

**диссертации Шаанова Таланта Мурадиллаевича на тему: “Культура суверенного Кыргызстана: особенности и перспективы”, представленной на соискание ученой степени кандидата исторических наук по специальности 07.00.02. – Отечественная история.**

**Ключевые слова:** культура, культурная жизнь, процесс культурной глобализация, изменения и особенности, тенденции в культуре, государственная политика в области культуры, наука, театр, искусство, трансформация культуры, нормативно-парвовые акты культурной деятельности, особенности и характер современной культуры, основные направления и перспективы.

**Обьект иследования** – научный анализ состояния культуры суверенного Кыргызстана, ее особенности и перспективы, процесса глобализации культурной жизни страны, основы государственной политики в области культуры, основные направления и тенденции современной культуры Кыргызстана, влияние процесса глобализации на национальную культуру, положения культуры, системы образования, науки и искусства суверенного Кыргызстана.

**Цель иследования** проследить процесс изменения, особенности, основные тенденции и преспективы культуры независимого Кыргызстана, изменения национальной культуры под влиянием глобальных процессов и в рамках трансформации общества в целом.

**Предмет иследования.** Общее состояние, особенности, основные тенденции, культуры суверенного Кыргызстана, влияние процесса глобализации на национальную культуры страны, государственная политика в сфере культуры.

**Хронология исследования** охватывают конец XX в. с 1990г. по 2014гг.

**Методология исследования.** Использованы исторический, хронологический, логико-сравнительные методы, также принцип исторической обьективности.

**Научная новизна исследования.** Диссертация являтся первой комплексной научной работой в Отечественной истории, призванной исследовать положение, основные тенденции и направления культуры суверенного Кыргызстана. В ней также отражены соотношение ценностей традиционной национальной культуры с культурой запада в условиях глобализации, приоритетные направления государственной политики в области культуры, проблемы в сфере культуры, пути их решения и перспективы.

**Практическое значение исследования.** Результаты диссертационного исследования могут быть использованы при создании научных трудов по истории независимого Кыргызстана, в процессе изучения Отечественной истории, в средних профессиональных и высших учебных заведениях, на специальных курсах посвященных проблемам культуры Кыргызстана.

## SUMMARY

**Shaanov Talant Muradillaevich dissertation on the theme: "Culture of sovereign Kyrgyzstan: Features and Prospects", presented for the degree of candidate of historical sciences on a specialty 07.00.02. - National history.**

**Key words**: culture, cultural life, the process of cultural globalization, changes and features, trends in culture, public politika in the field of culture, science, theater, art, transformatsiya cultural, legal and cultural acts parvovye deyatelnosti, features and character modern culture, the main directions and prospects.

**The object of study** - a scientific analysis of the state's sovereign Kyrgyzstana culture, its characteristics and prospects of globalization cultural life, the foundations of the state policy in the field of culture, the main directions and tendentsii encymennoy Kyrgyz culture, the impact of globalization on natsionalnuyu culture, position culture, education, science and art sovereign Kyrgyzstana.

The purpose of the study to trace the process of change, especially the basicsterm trends and culture PERSPECTIVES independent Kyrgyzstana, changes national culture under the influence of global processes and within the framework of the transformation of society as a whole.

**The Subject of study**. The general condition, especially the main tendentsii culture of sovereign Kyrgyzstan, the impact of globalization on national culture of the country, the state policy in the sphere of culture.

Chronology of the research covers the end of the twentieth century. The beginning of the twenty first century.

**Research Methodology**. It uses historical, chronological, logical, comparative methods and printsip historical objectivity.

**Scientific novelty of research**. Thesis first comprehensive scientific work in the history of the World, designed to explore the situation, the main trends and culture of sovereign Kyrgyzstan. The table presents the ratio of the value of traditional national culture with the culture of the West in the context of globalization, priorities of state cultural policy, problems in the sphere of culture, solutions and prospects.

The practical significance of the study. The results of the dissertation research be used to create scientific works on history independent Kyrgyzstan, in the study of national history in secondary vocational and higher education, in special courses devoted to the problems of Kyrgyz culture.

22. 08. 2016-ж. басууга кол коюлду. Өлчөмү 60X84 1/16.
Кагаз офсет. Офсеттик басуу. Көлөмү 1,6 б. т. Нускасы 150.

Бишкек ш., Раззаков к., 49. ЖИ «Сарыбаев Т. Т. »
т. 62-67-76
e-mail: talant550@gmail. com